# Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан жүргүзүлгөн укуктук мониторингдин жыйынтыктары жөнүндө маалымат

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын 2025-жылдын 4-июнундагы № 447-т тескемеси менен бекитилген 2025-жылга укуктук мониторинг жүргүзүү планына ылайык Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан Планда каралган 13, 14 жана 15-пункттар боюнча укуктук мониторинг жүргүзүлдү.

Укуктук мониторингдин жыйынтыгында төмөнкүлөр аныкталды:

**13-пункт боюнча** – Кыргыз Республикасынын «Жарандык коргонуу жөнүндө» Мыйзамын өркүндөтүү максатында өзгөчө кырдаалдардын шарттарында мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды коргоо жана аларга жардам көрсөтүү маселелери талдоого алынды. Мониторингдин жыйынтыгында аталган категориядагы жарандардын өзгөчө кырдаалдардагы аракеттеринин алгоритмдерин иштеп чыгуу жана мыйзамдарды тиешелүү ченемдер менен толуктоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

**14-пункт боюнча** – Кыргыз Республикасынын «Кыйроодон куткаруу кызматтары жана куткаруучулардын статусу жөнүндө» Мыйзамын ишке ашыруу алкагында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 1-декабрындагы № 765 токтому кабыл алынып, авариялык-куткаруу кызматтарын жана авариялык-куткаруу түзүлүштөрүн каттоо эрежелери бекитилди.

**15-пункт боюнча** – Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик материалдык резерв жөнүндө» Мыйзамын колдонуу практикасына жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча мыйзамдын жаңы редакциясынын долбоору даярдалып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине кароого жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги ченемдик укуктук актылардын колдонуу натыйжалуулугун жогорулатуу, укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү жана жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу багытындагы иштерди мындан ары да улантат.